Бекитилди:

Мектеп директору

Джусупова Н.С. ________

**Кыргыз Республикасында мамлекеттик өрт көзөмөлү жана өрткө каршы профилактика жөнүндө жобо**

**Кыргыз Республикасында мамлекеттик өрт көзөмөлү жана өрткө каршы профилактика жөнүндө жобо**

*(КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-июнундагы № 287 токтомунун редакциясына ылайык)*

## 1. Негизги түшүнүктөр

1. Ушул Жободо төмөнкүдөй түшүнүктөр колдонулат:

- **өрт коопсуздугу** - укуктук, уюштуруучулук, экономикалык, социалдык, илимий-техникалык, тарбиялык мүнөздөгү чаралардын, ошондой эле өрттүн алдын алууга жана аны өчүрүүгө багытталган күчтөрдүн жана каражаттардын жыйындысы;

- **өрт коопсуздугунун талаптары** - өрт коопсуздугун камсыз кылуу максатында белгиленген социалдык жана/же техникалык мүнөздөгү атайын шарттар;

- **өрт коопсуздугунун чаралары** - юридикалык же жеке жактардын өрт коопсуздугун камсыз кылуу боюнча, анын ичинде өрт коопсуздугунун талаптарын аткаруу боюнча аракеттери;

- **өрт коопсуздугунун талаптарын бузуу** - жеке же юридикалык жактардын өрт коопсуздугунун талаптарын аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы;

- **мамлекеттик өрт көзөмөлүнүн жазма эскертүүсү** - юридикалык же жеке жактар тарабынан белгиленген мөөнөттө аткарууга милдеттүү болгон, өрттү көзөмөлдөө боюнча мамлекеттик инспектордун өрт коопсуздугунун талаптарын бузууларды жоюу боюнча иш-чараларды, анын ичинде курулуп жаткан ишканалардын, коргоо объекттеринин, товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) өрт коопсуздугун камсыз кылуу талаптарын камтыган жазуу жүзүндөгү буйругу;

- **өрт көзөмөлү боюнча мамлекеттик инспектор** - "Өрт коопсуздугу жөнүндө" Кыргыз РеспубликасынынМыйзамына ылайык мамлекеттик өрт көзөмөлүн жүзөгө ашыруу боюнча ыйгарым укуктар берилген кызмат адамы.

## 2. Жалпы жоболор

2. Мамлекеттик өрт көзөмөлү - жарандардын өмүрүн жана ден соолугун сактоо, ошондой эле менчиктин баардык түрүндөгү мүлктү өрттөн коргоо максатында ишке ашырылуучу мамлекеттик көзөмөлдөө ишинин атайын түрү.

3. Өрткө каршы мамлекеттик профилактика - өрттүн жайылып кетишин токтотууга жана чыгуу себептерин жоюуга, адамдарды жана мүлктү коопсуз жайга ийгиликтүү эвакуациялоо үчүн шарттарды түзүү, өрттү убагында табууга жана тез арада адамдарды кабарлоого багытталган иш-чаралардын комплекси.

4. Кыргыз Республикасында мамлекеттик өрт көзөмөлү өрт коопсуздугун көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызмат адамдары тарабынан ишке ашырылат.

5. Кыргыз Республикасында өрткө каршы мамлекеттик профилактика өрттү профилактикалоо жана өчүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызмат адамдары тарабынан ишке ашырылат.

6. Өрт коопсуздугу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар жана кызмат адамдары жүктөлгөн милдеттерин аткаруу үчүн өз функцияларын Кыргыз Республикасынын бардык аймагында ведомстволук таандыгына жана менчиктин түрүнө карабастан, мекемелерде, ишканаларда жана уюмдарда аткарышат.

Өз функцияларын аткарууда өрт коопсуздугу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар жана кызмат адамдары өрт коопсуздугу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктарын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечимдерин, ушул Жобону, ведомстволук буйруктарды жана башка укуктук ченемдик актыларды жетекчиликке алышат.

## 3. Органдар жана кызмат адамдары

### 3.1. Мамлекеттик өрт көзөмөлүнүн органдары жана кызмат адамдары

8. Өрт коопсуздугун көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп төмөнкүлөр эсептелет:

а) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциянын өрттү көзөмөлдөө башкармалыгы (мамлекеттик өрт көзөмөлүнүн республикалык органы);

б) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциянын региондук башкармалыктары (мамлекеттик өрт көзөмөлүнүн аймактык органдары);

9. Өрт коопсуздугун көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызмат адамдары болуп төмөнкүлөр эсептелет:

а) Өрт көзөмөлү боюнча башкы мамлекеттик инспектор;

б) өрт көзөмөлү боюнча улук мамлекеттик инспекторлор;

в) өрт көзөмөлү боюнча мамлекеттик инспекторлор.

10. Өрт коопсуздугун көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызмат адамдарынын формалык кийими жана белгиленген үлгүдөгү күбөлүгү болот.

### 3.2. Өрткө каршы мамлекеттик профилактика органдары жана кызмат адамдары

12. Төмөнкүлөр өрттү профилактикалоо жана өчүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар болуп эсептелет:

а) Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги (мамлекеттик өрткө каршы профилактика боюнча республикалык орган);

б) Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин облустук жана шаардык башкармалыктары, шаардык жана райондук бөлүмдөрү (мамлекеттик өрткө каршы профилактика боюнча аймактык органдар).

13. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин өрткө каршы мамлекеттик профилактикалоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу бардык кызмат адамдары өрттү профилактикалоо жана өчүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызмат адамдары болуп эсептелет.

## 4. Өрт коопсуздугу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын функциялары

### 4.1. Мамлекеттик өрт көзөмөлү боюнча функциялар

14. Өрт коопсуздугун көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жүктөлгөн милдеттерди ишке ашырууда төмөнкү функцияларды аткарат:

а) юридикалык, жеке жактар, кызмат адамдары тарабынан өрт коопсуздугун камсыздоо чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылардын, техникалык регламенттердин талаптарынын аткарылышын контролдоо;

б) белгиленген формадагы актыларды түзүү менен өрттү аныктоо жана өчүрүү, өрт жөнүндө кабарлоо, түтүндү сыртка чыгаруу шаймандарын жана башка өрткө каршы коргонуу системаларын пайдаланууга кабыл алуу;

в) дан эгиндерин жыйноо жана тоют даярдоо мезгилинде алгачкы өрт өчүрүү шаймандары менен камсыз болгондугуна белгиленген үлгүдөгү эсепке алуу карточкасын түзүү менен айыл чарба машиналарынын өрт коопсуздугунун абалын күбөлөндүрүү;

г) белгиленген формадагы тиешелүү актыны тариздөө менен өрт коопсуздугу жаатындагы иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн аткарылышын контролдоо жана текшерүү;

### 4.2. Өрткө каршы мамлекеттик профилактика боюнча функциялар

15. Өрттүн профилактикалоо жана өчүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган өзүнө жүктөлгөн милдеттерди ишке ашырууда төмөнкү функцияларды аткарат:

а) өрт коопсуздугун камсыз кылуу жаатындагы укук-ченемдик актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу жана мамлекеттик бийлик органдарына киргизүү;

б) ишканалардын, уюмдардын, мекемелердин, шаарлардын жана калктуу конуштардын өрт коопсуздугун жогорулатуу боюнча негизделген сунуштарды иштеп чыгуу;

в) зарыл учурда имараттарды жана курулмаларды долбоорлоодо, реконструкциялоодо жана пайдаланууда кызыкдар уюмдардын катышуусу менен өрт коопсуздугунун талаптарын иштеп чыгуу;

г) корутунду берүү менен жаңы курулуш үчүн аянтчаны (трассаларды) тандоо боюнча жумушчу комиссиялардын ишине катышуу;

д) архитектуралык-пландоочу башкармалыктардын (бөлүмдөрдүн) шаар курулуш кеңештерининин жана курулуш-архитектура иштери боюнча уюмдарынын ишине катышуу;

## 11. Профилактикалоо иш-чараларын жүргүзүү тартиби жана документтер

44. Өрт-техникалык текшерүүнү жүргүзүү, өрттү аныктоо жана өчүрүү автоматташтырылган системасын пайдаланууга кабыл алуу, долбоордук чечимдерге шайкештигин текшерүү тартиби, ошондой эле документтер өрт коопсуздугун көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ведомстволук буйруктары менен бекитилет.

45. Өрт-техникалык текшерүүнү жүргүзүү, өрттү алгачкы текшерүү жана эсепке алуу, өрткө каршы автоматика каражаттарын долбоорлоо, орнотуу, иштетүү жана оңдоо, жыгач конструкцияларын жана күйүүчү театралдык экспозиция жабдууларын өрттөн коргоочу каражаттар менен иштетүү тартиби, ошондой эле документтер өрттү